УДК 372.881.1

**Абдыкадырова Мая Байсаловна**
*Адам университети, п.и.к., доц.*
*Кыргыз Республикасы, Бишкек ш.*
*e –mail: abdykadyrova.maya@mail.ru*

# ЧЕТ ӨЛКӨЛҮК СТУДЕНТТЕРГЕ КЫРГЫЗ ТИЛИН ОКУТУУДА САНАРИПТИК ТЕХНОЛОГИЯЛАРДЫ КОЛДОНУУНУН КЭЭ БИР ЫКМАЛАРЫ

***Аннотация:*** Бул макалада маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонуунун айрым ыкмалары каралды. Чет өлкөлук студенттерге кыргыз тилин окутууда заманбап технологияларды колдонуунун артыкчылык жактары берилди.
***Негизги сөздөр:*** маалыматтык-коммуникациялык технологиялар, Moodle платформасы, окутуу ыкмалары, электрондук портфолио.

**Абдыкадырова Мая Байсаловна**
*Университет Адам, к.п.н., доц.*
*Кыргызская Республика, г. Бишкек*
*e –mail: abdykadyrova.maya@mail.ru*

# СПОСОБЫ ИСПОЛЬЗОВАНИЯ НЕКОТОРЫХ ЦИФРОВЫХ ТЕХНОЛОГИЙ ДЛЯ ОБУЧЕНИЯ КЫРГЫЗСКОМУ ЯЗЫКУ ИНОСТРАННЫХ СТУДЕНТОВ

***Аннотация:*** В этой статье рассматриваются некоторые методы использования информационно-коммуникационных технологий. Предоставлены преимущества использования современных технологий в преподавании кыргызского языка иностранным студентам.
***Ключевые слова:*** информационно-коммуникационные технологии, платформа Moodle, методы обучения, электронное портфолио.

**Abdykadyrova Maya Baisalovna**
*Adam University, candidate of pedagogical sciences, Associate Profess.*
*Kyrgyz Republic, Bishkek*
*e –mail: abdykadyrova.maya@mail.ru*

# SOME METHODS OF USING DIGITAL TECHNOLOGIES IN TEACHING THE KYRGYZ LANGUAGE TO FOREIGN STUDENTS

***Abstract:*** This article deals with some methods of using information and communication technologies. The advantages of using modern technologies in teaching the Kyrgyz language were presented to foreign students.
***Keywords****:* information and communication technologies, Moodle platform, teaching methods, electronic portfolio.

Азыркы учурда маалыматтык-коммуникациялык технологиялар билим берүүнүн бардык тармактарында кеңири колдонулууда. Билим берүүнү санариптештирүү окутуунун максаттарын, мазмунун, методдорун, формаларын, шарттарын жаңыртууну гана талап кылбастан, окутуучу менен студенттин аралыктык форматта баарлашуусуна олуттуу өзгөртүүлөрдү киргизди. Компьютерди жана проекторлорду, уюлдук телефондорду жана электрондук почталарды, онлайн аудио жана видео конференцияларды, жаңы тиркемелерди сабакта колдонуу окутууну ыңгайлуу жана натыйжалуу кылууга шарт түздү.

Бүгүнкү күндө, бир нече жыл мурун дистанттык окутуу тутумун колдонууну каалабаган эң консервативдүү педагогдор да заманбап технологияларды окуу процессинде жигердүү пайдалана башташты. Г.В.Кравченконун «окутуунун электрондук формалары студенттерди билим берүү процессине активдүү тартуу үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөрдү ачып берет» деген пикирине кошулбай коюуга болбойт [2; 3].

Сабакта заманбап технологияларды колдонуу окутуу каражатынын ыкмасы катары эбегейсиз зор мүмкүнчүлүктөрдү ачып берди.

Заманбап булактарда маалыматтык-коммуникациялык технологиялар маалыматты түзүү, берүү, жайылтуу жана кызмат көрсөтүү үчүн колдонулган санариптик технологиялардын кеңири спектрин билдирет. Окутуу процессинде эң көп колдонулган МКТ каражаттарына төмөнкүлөр кирет:

- электрондук окуу китептери жана окуу куралдары;
- электрондук сөздүктөр жана маалымдамалар;
- мультимедиялык презентациялар;
- интернет билим берүү ресурстары;
- тестирлөө программалары;
- аудио жана видеосабактар;
- сүрөттөр жана иллюстрациялар камтылган дисктер.

Окутуучу жогоруда көрсөтүлгөн заманбап технологиялык каражаттарды колдонуу аркылуу окутуу ыкмаларын өркүндөтүп, окуу материалдарын ылайыкташтырып, окуу процессинин жүрүшүн көзөмөлдөй алат.

Адам университетинде «Дарыгерлик иш» адистигинде чет өлкөдөн, тактап айтканда Пакистандан, Индиядан, Египеттен келген студенттер билим алышат.

Чет өлкөлүк студенттерге кыргыз тилди окутуунун негизги максаты - баарлашуу көндүмдөрүн калыптандыруу жана тил маданиятын үйрөтүү.

Маалыматтык-коммуникациялык технологиялар жана интернет булактары бул негизги максаттарга жетүү үчүн бардык функцияларга ээ:

- практикалык сабак үчүн материалдардын жеткиликтүүлүгү;
- керектүү маалыматты оңой табууга мүмкүндүк түзөт;
- бардык материалдарды колдонуу менен окуу көндүмдөрүн өздөштүрөт;
- аудио файлдарды колдонуу аркылуу угуу көндүмдөрүн калыптандырат;
- оозеки сүйлөө көндүмдөрүн калыптандырат;
- ар кандай грамматикалык тапшырмаларды аткаруу менен жазуу көндүмдөрү такшалат;
- тилдеги бардык жаңы эрежелерди сактоо менен лексикалык сөз байлыгын өстүрөт;
- тилдин маданияты жана өлкө тууралуу билимдерди алат;
- каада-салттары менен таанышат.

Кыргыз тили сабагында окутуунун техникалык-коммуникативдик

каражаттарын колдонуу баарлашуу көндүмдөрүн өнүктүрүүнүн жана тил маданиятын үйрөнүүнүн натыйжалуу педагогикалык каражаты болуп саналат. Өзгөчө чет өлкөлүк студенттерге кыргыз тилин окутууда санариптик технологияларды колдонуу сабактарды ар тараптуу кызыктуу, көрсөтмөлүү өтүүгө өбөлгө түзөт. Ошол эле учурда студенттердин таанып-билүү, чыгармачылык жана коммуникативдик ишмердүүлүгү үчүн жагымдуу шарттарды түзүп, студенттердин тил үйрөнүүгө болгон кызыгуусун жана мотивациясын арттырат, окуу материалды өздөштүрүү сапатын жакшыртат жана студенттердин билимин субъективдүү баалоого мүмкүндүк түзөт.

Кыргыз тили сабагында компьютерди демонстрациялык, өз алдынча жана дистанттык - жеке режимде колдонууга мүмкүн.

1. Компьютерди демонстрациялык режимде колдонуу төмөнкүдөй иш аракеттерди камтыйт:

- жаңы теманы түшүндүрүүдө, мультимедиа - проектор аркылуу демонстрациялоо;
- сабакты кайталоо учурунда мультимедиа - проектор аркылуу көнүгүүлөрдү аткаруу;
- тапшырмаларды мультимедиа - проектор аркылуу текшерүү;
- каталардын үстүндө иштөө ж.б. учурларда.

2. Компьютерди өз алдынча режиминде колдонуу:

- өз алдынча тапшырмаларды аткарууда;
- алган билимин бышыктоодо;
- өтүлгөн теманы кайталоодо;
- билимдерди, билгичтиктерди, көндүмдөрдү толуктоодо ишке ашырылат.

3. Компьютердин дистанттык-жекече режиминде колдонулушу төмөнкүдөй иш - аракеттерде байкалат:

- үй тапшырмасын текшерүүдө;
- контролдук иштерди аткарууда ж.б.

Учурда маалыматтык-коммуникациялык технологиялар аркылуу окутуу үчүн көптөгөн ар кандай окуу платформалары бар, мисалы, биргелешип иштөөгө багытталган Moodle платформасы, студенттер менен түздөн түз чыгууга шарталган Zoom программасы, GAUDI порталдары.

Биздин окуу жайда аталган электрондук платформалар кеңири колдонулат [1; 46]. Өзгөчө профессордук-окутуучулар курамы тарабынан Moodle платформасы окуу процессинде төмөнкү максаттарда кеңири колдонулат.

1. Электрондук билим берүү Moodle чөйрөсү окутуучуга студенттердин өз алдынча башкаруу иштерин уюштуруу үчүн окуу-методикалык материалдарды жайгаштырууга жана башка контролдук иштерди жүргүзүүгө мүмкүндүк берет. Студенттер бул платформаны рефераттарды, презентацияларды даярдоодо, практикалык тапшырмаларды аткаруу үчүн колдоно алышат.

2. Практикалык тажрыйба көрсөткөндөй, студенттер платформага жүктөлгөн окуу-усулдук колдонмолорду, окуу дисциплинасы боюнча электрондук окуу-методикалык комплексти активдүү колдонушат. Айрыкча тил үйрөтүүдө билим берүү платформасына аудио жана видеоматериалдарды жайгаштыруу өзгөчө актуалдуу болуп саналат, анткени студенттер сабак учурунда да, үй тапшырмасын аткарууда да өз алдынча угуп жана көрө алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушат.

Moodle платформасы көптөгөн куралдарды камтыйт: вики, глоссарий, блогдор, форумдар, практикумдар ж.б. Форумда топ боюнча талкуу жүргүзүп, билдирүүлөрдү баалап, аларга каалаган форматтагы файлдарды тиркөөгө болот. Жеке билдирүүлөрдө жана комментарийлерде конкреттүү маселени окутуучу менен жеке талкууласа да болот. Чатта талкуу реалдуу убакыт режиминде болот, анда ар бир студенттин портфолиосу түзүлөт жана сакталат: ал тапшырган бардык иштер, окутуучунун баалары жана комментарийлери, форумдагы билдирүүлөр, ошондой эле студенттердин сабакка катышуусу, алардын активдүүлүгү, окуу тапшырмаларынын онлайн убактысын көзөмөлдөөгө мүмкүндүк берет.

Студенттердин билимин текшерүү үчүн Moodle платформасынын тестирлөө ыкмасын колдонсо болот. Бул ыкма бир эле учурда студенттердин жообун көзөмөлдөө менен, алардын материалды түшүнүү деңгээлин аныктоого мүмкүндүк берет. Ошол эле учурда тесттин жыйынтыгын түзүлгөн график аркылуу пайыздык көрсөткүчүн баалоого болот.

Тактап айтканда, Moodle платформасында ар бир студенттин профили түзүлөт, анда анын бардык билим берүү иш-аракеттери сакталат: аткарылган иштер, баалоо, пикирлер жана окутуучунун сунуштары, билдирүүлөр жана кат алышуулар. Бул студенттердин ишмердүүлүгүн баалоого, алардын ишин көзөмөлдөө мүмкүнчүлүгүн берет.

Ошондой эле Moodle платформасында окутуу багыттагы комплектүү программалык система электрондук Окуу-методикалык комплекс (ОМК) жайгаштырылган.

Электрондук Окуу-методикалык комплекс (ОМК) окутуучу менен студенттин окуу процессинде өз ара аракеттенүүсүн уюштурууга багытталган. Электрондук ОМК кыргыз тили дисциплинасы боюнча сабактарды өткөрүү үчүн материалдарды (таяныч практикалык көрсөтмөлөр, презентациялар, глоссарийлер ж. б.); студенттердин өз алдынча иштерин уюштуруу үчүн материалдар (практикалык көнүгүүлөр, тапшырмалар, таркатма материалдар, өз алдынча иштин темалары ж.б.); окутуунун натыйжаларына мониторинг жүргүзүү үчүн материалдарды (тесттер, контролдук, практикалык тапшырмалар, билимди рейтингдик баалоо каражаттары) камтыйт.

Moodle программасынын артыкчылыгы студенттердин окуу ишмердүүлүгүнө мониторинг жүргүзүүнүн статистикасын топтойт, жалпылаштырат жана системалаштырат.

ОМКнын электрондук портфолиосунун программалык каражаттары катары төмөнкүлөр кеңири колдонулат:

- Word программасы тексттерди камтыган конспекттерди, тапшырма карталарын ж. б. материалдарды иштеп чыгууда кеңири колдонулган программалык каражат;
- Excel программасы тесттерди жана билимди рейтингдик баалоо системаларын иштеп чыгууда колдонулган программасы;
- компьютердик тесттерди түзүү үчүн колдонулган программалык куралдар;
- Power Point программасы аркылуу презентация түзүп, студенттерге жаңы материалды түшүндүрүүдө, алардын алган билимдерин бекемдөөдө жана ар кандай чыгармачылык тапшырмаларды аткарууда колдонсо болот. Ал үчүн стандарттуу Power Point каражатын колдонуу жетиштүү. Мындан тышкары презентацияларды түзүү процессин кыйла жеңилдеткен жана окутуучунун убактысын үнөмдөгөн Canva сайты популярдуу, ал компьютерге эч кандай программалык камсыздоону орнотпостон, браузерде презентациялардын каалаган түрүн түзүүгө мүмкүндүк берет.

Сабакта маалыматтык- коммуникациялык технологияларды колдонуу окутуунун жаңы ыкмаларын колдонууга ыңгайлуу шарттарды түзүп, окуу процессин жакшыртты. Өзгөчө чет өлкөлүк студенттерге кыргыз тилди үйрөтүүдө кыргыз тилиндеги лексикалык көндүмдөрдү калыптандырууга жана студенттердин сүйлөө көндүмдөрүн өнүктүрүүгө ылайыктуу жана натыйжалуу ыкмалардын бири экендигин тажрыйба көрсөтүүдө.

Демек, инновациялык окутуу программалары салттуу окутуу методдоруна караганда көптөгөн артыкчылыктарга ээ. Өзгөчө чет өлкөлүк студенттерге кыргыз тилин окутууда төмөнкүдөй дидактикалык ыкмаларды калыптандырат:

- студенттердин коммуникативдик маданиятын өнүктүрөт;
- кыргыз тилиндеги тексттерди угуу жана окуу жөндөмүн өстүрөт;
- лексикалык сөз байлыгын толуктайт;
- лексикалык көндүмдү калыптандырат жана өркүндөтөт.
- студенттерди сүйлөө иш-аракеттеринин ар кандай түрлөрүн жана ар кандай сөз айкалыштарын түзүүгө үйрөтөт;
- тилдик кубулуштарды, анын ичинде лексикалык кубулуштарды билүүгө багыттайт;
- лингвистикалык жөндөмдөрдү калыптандырууга жардам берет;
- жеке мамилени жана студенттин өз алдынча ишин күчөтүүнү ишке ашырууга жардам берет:
- тил үйрөнүү мотивациялык потенциалын калыптандырат.

Ошентип, чет өлкөлүк студенттерге кыргыз тилин окутууда маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонуу окуу процессинин натыйжаларын олуттуу жакшыртууга, сабактын дидактикалык мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө жана окутуучунун эмгегин кыйла жеңилдетүүгө мүмкүндүк түзөт.

## КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР

1. Абдыкадырова М.Б. Кыргыз тилин окутууда Moodle системасын колдоонун өзгөчүлүктөрү. /Международный научный журнал. “Экономика.Управление. Образование.” - 2021. №1 (010). – С. 45-49.
2. Кравченко Г.В. Работа в системе в Moodle: руководство пользователя. Учебное пособие. / Г. В. Кравченко, Н. В. Волженина. – Барнаул : Изд-во АлтГУ, 2012. с– 116 с.
3. Муратов А.Ж.. Акматов К. Окутуунун жаңы технологиялары. – Б.: 2017.с.- 320 б.